**ОПРЕДЕЛЕНИЕ**
**КОЛЛЕГИИ СУДЕЙ КОНСТИТУЦИОННОЙ ПАЛАТЫ**
**ВЕРХОВНОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

жаран Сатаркул Аскарович Мусабаевдин арызын
өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2013 жылдын 12 августу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын курамы: Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Ч.О. Осмонова, катчы М.Ж. Азарованын катышуусунда, жаран С.А. Мусабаевдин арызын карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Жаран С.А. Мусабаев 2013–жылдын 2-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" мыйзамынын 48-беренесинин 2-бөлүгүн конституциялык эмес деп табууну жана жокко чыгарууну өтүнүп арыз менен кайрылган.

Өзүнүн арызында жаран С.А. Мусабаев Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" мыйзамынын 48-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинин 76-беренесине, "Ченемдик укуктук актылары жөнүндөгү" мыйзамынын 3, 6, 7-беренелерине туура келбейт жана Конституциянын 6, 52 беренелерине каршы келет деп белгилейт.

Судьялар коллегиясы арызды жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, арыз боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Э.Т. Мамыровдун маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө Конституциялык палатага кайрылуунун таризи көрсөтүлгөн.

Ошондой эле аталган мыйзамдын 25-беренесинде кайрылууга жалпы талаптар коюлган. Тилекке каршы, жаран С.А. Мусабаев тарабынан мыйзамда коюлган талаптар толугу менен сакталган эмес. Мисалы, жогоруда белгиленген берененин 2-бөлүгүндө, 3-бөлүктүн 4, 5, 7, 8, 11-пункттарында каралган талаптар арызда орун алган эмес. Мындан тышкары, кайрылуучу 26-беренин талабына карабастан конституциялуулугун талашып жаткан ченемдик укуктук актынын текстинин көчүрмөсүн тиркеген эмес.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран С.А. Мусабаевдин арызын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Арыз жана ага тиркелген материалдар кайрылуучуга кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Э.Т. Мамыров

А.О. Нарынбекова

Ч.О. Осмонова